*УДК: 364-78 (575.2)*

***Каримова К.Ү.***
*ОшМУнун "Социалдык иштер"*
*кафедрасынын улук окутуучусу.*
*kunduz_kgs@mail.ru*

# ЫКТЫЯРЧЫЛЫК ИШТИ МЕКТЕПТЕРДЕ ӨНҮКТҮРҮҮ "СОЦИАЛДЫК ИШТЕР" БАГЫТЫ БОЮНЧА КЕСИПТИК БАГЫТТООНУН ӨБӨЛГӨСҮ КАТАРЫ

# РАЗВИТИЕ ВОЛОНТЕРСТВА В ШКОЛАХ КАК ОСНОВА ПРОФОРИЕНТАЦИИ ПО СПЕЦИАЛЬНОСТИ "СОЦИАЛЬНАЯ РАБОТА"

# DEVELOPMENT OF VOLUNTEERING IN SCHOOLS AS A BASIS FOR VOCATIONAL GUIDANCE IN THE SPECIALTY "SOCIAL WORK"

***Аннотация:*** *Бул макалада Социалдык иштер багытында кесип ээлерин даярдоодогу кесипке багыттоо жана мектептердеги ыктыярчылыктын андагы ролу, аны өнүктүрүү жөнүндө маалыматтар камтылган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кесиптик багыттоо, ыктыярчылык, ыктыярчылык ишмердүүлүк.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассмотрены информации о профессиональной ориентации профессиональной подготовки по направлению "Социальная работа" и роли волонтерства и его развитии в школах.*

***Ключевые слова:*** *профессиональная ориентация, волонтерство, волонтерская деятельность.*

***Annotation:*** *In this article considered the information on professional orientation of vocational training in the direction "Social work" and the role of volunteerism and its development in schools.*

***Key words***: *professional orientation, volunteering, volunteer activity.*

Социалдык иштер – кесип катары 1995-жылдан баштап өлкөбүздүн жогорку окуу жайларында даярдала баштаган. Социалдык иштер боюнча адистерди даярдоо боюнча окуу дисциплиналары аныкталып, "социалдык жардам илимий парадигмасын" өнүктүрүүнүн жаңы этабынын мезгили. "Бүгүнкү күндөгү социалдык жардам парадигмасы социалдык иштерди ишмердүүлүк катары караганда" (Менщикова И.Ю.) анын түрлөрүн да белгилеп өтөлү. Алар: мамлекеттик, коммерциялык, филантроптук (коммерциялык эмес, кайрымдуулук, ыктыярчылык иштери)[6]. Бул кесипке базар мамилелеринин шартына ылайыктап даярдоо учурда жогорку окуу жайлардын олуттуу маселеси. Социалдык иштер багыты боюнча бакалаврларды максатка ылайык даярдоонун бир топ тапшырмаларынын ичинен дагы бир маанилүүсү – кесипке багыттоо болуп саналат.

Кесипке багыттоо – бул жаш адамдардын коомдо гармониялуу болуусунун негизи, жарандардын адаптацияланүусунун жана конкуренттик жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун маанилүү каражаты [2].

Бүгүнкү күндө окуучулар эмгек базарында конкуренттик жөндөмдүүлүк абалына өз алдынча ээ боло алышпайт [2].

Россиянын Пермь мамлекеттик университетинен О.В.Тамахинанын "Твой профиль" деп аталган социалдык долбоорунун натыйжасында окуучулардын кесипти тандоону жогорку окуу жайын тандоо менен алмаштыруусу анык болгон [2]. Ал изилдөө Н.С. Пряжниковдун "жаш адамдар кесипти тандоодо жакынкы перспективадан гана эмес, аны албетте келечек жашоо максаттары менен дагы макулдашуусу зарыл"[1,58] деген көз карашына негизделген. Окуучулар кесипти тандоодон алыстап, кыска мөөнөттөгү перспективаларга багыт алышат. Ошондуктан аларга кесип тандоосу үчүн комплекстүү жана оптималдуу таасир этүү абзел. Ал үчүн жогорку окуу жайлары менен мектептердин, коомчулук менен байланышта кесипке багыттоо иштерин жүргүзүү максатка ылайык болот.

Эффективдүү кесиптик багыттоо эмгек базары менен билим берүү системасын байланыштыруучу

функцияны аткарат. Учурда бул функция аткарылбай жатат.

Мектептеги кесипке багыттоо иштери - окуучулардын коомдук пайдалуу иштерге, өндүрүштүк эмгекке түздөн-түз катышуусу, аларга өздөрүнүн кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн үйрөнүүсүнө жана өз алдынча кесип тандоого жардам берет[3, 3].

Ал эми кээ бир изилдөөчүлөрдүн оюу боюнча, мисалы Сурхан дарьядагы Кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун "Гуманитардык жана экономикалык илимдер" кафедрасынын окутуучусу Ш. Тешабаева "кесиптик багыттоо – бул окуучунун жеке өзү бүт жашоосуна кесипти тандоосу эмес, андагы кесиптик өздүк аныкталуусуна даярдыгын калыптандыруу, кесиптик ишмердүүлүккө камтылуусу аркылуу, адам өзүн анда толук мерчемде ишке ашыруусу менен анын инсандык ички ресурстарын активдештирүүсү"[4] деп белгилеген. Чындыгында коомго жогорку инсандык сапаттарга ээ, конкуренттик жөндөмдүү, кесипкөй социалдык иштердин кадрларын даярдоонун дагы иш-аракеттеринин маанилүүсү кесиптик багыттоо болуп саналат.

Социалдык иштер багыты боюнча кадрлар өлкөбүздө бир нече жогорку окуу жайларда даярдалат. Канткенде заманбап, кесипкөй, компетенттүү кесип ээлерин даярдоого болот? - деген суроо ар бир ЖОЖдун окутуучусун ойлондурбай койбойт.

Бүгүнкү күндө оор турмуштук кырдаалга дуушар болгон социалдык кызматтын, тейлөөнүн клиенттерине татыктуу кызмат көрсөтүүгө даяр социалдык кызматкерлерди даярдоо үчүн эң маанилүү өбөлгө катары - мектептерде окуучуларды ыктыярчылык иштерине тартуу жана ыктыярчылыкты өнүктүрүү эсептелет. Ошондой эле бул – Социалдык иштер багытына кесиптик багыттоо катары иш-аракеттердин бири болуп калмак.

Ыктыярчылык – бул адамдын керектөөлөрүн канааттандыруу тилектештик сезимин тереңдетүү боюнча инсандык жашоо сапатын жакшыртууга, инсандык өсүүгө жөндөмдүүлүгүн арттыруучу ыктыярдуу, кесиптик эмес социалдык иштер [8].

Ыктыярчылык - социалдык, маданий, экономикалык жана экологиялык өнүгүүнүн инструменти. Кээ бир адабияттарда жана интернет булактарындагы маалыматтарга таянсак, ыктыярчылар түшүнүгүн же ыктыярчыларды коомдук жашоо ишмердүүлүктүн бардык чөйрөсүндө кездештирүүгө болот. XVII кылымда Батыш Европа өлкөлөрүндөгү узакка созулган согуштарда ыктыярдуу түрдө катышкандарды ыктыярчы-аскерлер деп атап коюшкан. Ал эми биздин кыргыз элдин коомдук турмуш-тиричилигинде "өз ара жардамдашуу", "ашар"[7], "кол кабыш" сыяктуу формаларында ишке ашып келген. Мында көбүнчө туугандар, жакын коло-коңшулар ортосунда, ошондой эле, жетим-жесирдин, жардамга муктаж болуп турган үй-бүлөлөрдүн зарыл болгон үй-тиричиликтик, малчарбачылык жана дыйканчылык жумуштарына жардам көрсөтүлөт.

Ыктыярчылыкка бүгүнкү күндө жаңыча мамиле жасоо керек. Жаңыча мамиле дегенибиз - тарыхка кайрылсак, ыктыярчылык дайыма эле жашап келген. Мисалы: жаш натуралист, жаш тимурчулар, пионердик кыймылдар жана башка ушул сыяктуулар. Алар жалгыз-бой, согуштун ардагерлерине, жардамга муктаж адамдардын турмуш-тиричиликтик иштерине жардам берип келишкен. Бүгүнкү күндө экономикалык кризис учурунда ыктыярчылык кыймылга жаңыча мамиле жасоо – мектеп окуучуларын социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө гана тартпастан, кесипке багыттоо, адамдарга жардам берүүчү, кайдыгер эмес, гумандуу, адамгерчиликтүү инсанды калыптандырууга жардам берет.

"Ыктыярчылык кыймыл – мектепте абдан чоң адеп-ахлактык, тарбиялык мааниге ээ. Балдарыбызды ачык-айрым, чынчыл, жанындагыларга дайыма жардам берүүгө даяр болуп өсүшүнө түрткү болот" – деп Т.Нилова өзүнүн макаласында белгилеген. Ошондой эле төмөндөгүдөй ыктыярчылыктын тапшырмаларын көрсөткөн[9]:

- жаштарды белгилүү бир эмгек ыктарына үйрөтүү жана кесиптик багыттоону стимулдаштыруу;
- социалдык маселерди чечүү үчүн өздүк реализациялоо жана өздүк уюштуруу ыктарына ээ болуу;
- жогорку билимди алгандан кийин убактылуу жумушу жок жүрүп калган мезгилде кесиптик ыктарын, жөндөмдөрүн, компетенцияларын сактап калуу;
- асоциалдык жүрүм-турумду социалдык менен алмаштыруу;
- гуманисттик, патриоттук тарбиялоо;
- социалдык-экономикалык кризис учурунда жаштардын иш менен камсыз болуусунун белгилүү бир убактылуу форматы менен камсыздоо (кадимки коомдук иштер менен);
- кадрдык резервди калыптантыруу. Ошондой эле, окуучулардын социалдык активдүүлүгүн, жоопкерчилигин, жарандык патриоттуулугун, лидерлик сапаттарын калыптандыруунун жакшы жолу. Андан сырткары мунун баары "Социалдык иштер" багыты боюнча кесип ээлерин даярдоонун негизги билим берүү программасынын максаттарына ылайык келгендигин көрүп турабыз.

Ыктыярчылык же ыктыярчылык ишмердүүлүк [6] – (лат. тил. voluntaries – ыктыярдуу) – бул кээде "коомдук ишмердүүлүк" деп да аталып келет. Кандайча аталса да, анын түпкү маңызы – коомчулукка өз ыктыяры менен кайтарымсыз, акысыз жардам көрсөтүү ишмердүүлүгү болуп саналат [8].

Ыктыярдуу жардам - бул ыктыярдуу социалдык иштердин маанилүү усулдарынын бири (Ыктыярчылардын Эл аралык ассоциациясынын IX Конгрессинде (Франция,1990) кабыл алынган "Ыктыярчылардын жалпы декларациясында" каралган).

Ыктыярчылык ишмердүүлүгүнө негизинен: бош убактыларын ыктыярдуу жардамга арнаган ар кесиптин ээлери; ар түрдүү өз ара жардамдашуу программаларына катышкан социалдык кызматтын клиенттери жана алардын туугандары; орто жана пенсия курагындагы жарандар; жогорку окуу жайлардын студенттери; орто жана жогорку жаштагы мектеп окуучулары да иштей алышат.

Коомдо социалдык иштерди өнүктүрүү үчүн мектептерде ыктыярчылар клубун түзүү жана аларды окутуп үйрөтүү үчүн окуу борборлорун ачуу максатка ылайык келет. Ошондой эле, ыктыярчылардын тобун түзүп, алардын ишмердүүлүгүн колдоого алуу зарыл. Жогоруда белгиленгендей жогорку класстын окуучула-

рын "кесиптик өздүк аныкталуусуна даярдыгын калыптандыруу менен кесиптик ишмердүүлүккө камтуу аркылуу, аларга өзүн анда толук мерчемде ишке ашыруусу менен, алардын инсандык ички ресурстарын активдештирүүгө" жетишсе болот. Мындан, эгерде кайсыл окуучу кайсыл багыт боюнча ыктыярчылык иштерин жогорку деңгээлде, чыгармачылыкта аткарган болсо, анда ал ошол кесиптин мыкты ээси болуп чыгары анык.

Социалдык иштер багытында окуй турган абитуриенттерди жогорку окуу жайларына кабыл алуу үчүн ушул критерийди кошумча түрдө киргизүү сунушу жогорку окуу жайларында жана Билим берүү жана илим Министрлигинде каралуусу керек.

Эгерде ушул критерий колдоого алынып калса, анда абитуриентти – мектептин жогорку класстарынын окуучуларын (бүтүрүүчүлөрүн) мектептерде университет тарабынан ар түрдүү коомдук иштерге же коомчулук менен байланышта окутуу жана тарбиялоону колго алуу абзел. Мындай аракеттер Европа, АКШ, КМШ өлкөлөрүндө кеңири практикаланууда. Россиянын Приморский крайында (Владивосток) "Антресоль" деген клубунда ыктыярчыларды окутуп даярдашат. Жакшы ийгиликтерге жетишкен ыктыярчылар университеттин стипендиясына жана ошол аймактагы жогорку окуу жайларга бюджет орундарына кабыл алынышат. Бул механизмди "Социалдык иштер" багытынын бакалавр академиялык баскычына кабыл алууда же бир эле "Социалдык иштер" багытына гана колдонбостон башка багыттар жана адистиктерге да колдонуу жакшы натыйжаларды берээр эле. Мисалы: жаратылышты пайдалануу, биология, тарых жана медициналык персоналдарды даярдоодо жана башка багыттар боюнча.

Мына ушундай мүнөздө ыктыярчылык - окуучулардын кесипти тандоого гана эмес, жогорку окуу жайларга өтүү мүмкүнчүлүгүнө, кайрымдуулук иштерин жасоо менен коомдук иштерге катышууга, ошондой эле, эң негизгиси инсандык өсүүгө, бош убактыларын толтурууга б.а. иш менен алек болууга жардам бермек.

***Адабияттар***

*1.Пряжников Н.С. Теория и практика профессионального самоопределения. -М.: МГППИ, 1999. С.58.*

*2. Тамахина О.В. Пермьский государственный университет. "Система профессиональной ориентации школьников как фактор осознанного профессионального выбора (на примере разработки и реализации социального проекта «твой профиль»).*

*3. Школа и выбор профессии / Под. ред. В.А.Пляковой, Г.Г. Агаповой. –М.: Педагогика,1987.стр.176*

*4. Тешабоева Ш. "Проблемы профессиональной ориентации младших школьников в учебном процессе". Электронная версия: http://publikacia.net/archive/2015/3/2/60/*

*5. Журнал: Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. Науч. издат. «Институт стратегических исследований» №32, 2015г., стр.179-181. Электронная версия: http://www.newsvl.ru/vlad/2015/03/25/133174/#ixzz4ir5XVBrs .*

*6 . Менщикова И.Ю. Социальная работа и волонтерство: ценностно-практический аспект взаимодействия в среде высшей школы. https://cyberleninka.ru/article/n/sotsialnaya-rabota-i-volonterstvo-tsennostno-prakticheskiy-aspekt-vzaimodeystviya-v-srede-vysshey-shkoly*

*7. Авазов Э., Кенесариев Т. Үй-бүлө жана социалдык иштер. Окуу-усулдук колдонмо-маалыматтама. – Ош:ОшМУ, 1998. 5-б.*

*8. Теория социальной работы. Учебник. / Под. ред. проф. Е.И. Холостовой. – М.: Юристь, 1998. Стр.: 12-25,247-262.*

*9. Нилова Т.В. "Школьное волонтерское движение в формировании духовности и гражданственности лицеистов". Электронная версия. conference.osu.ru/assets/files/conf_reports/conf8/374.doc*